*Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети*

*Кочкор-Ата колледжи*

# *ПЕДАГОГИКА*

***Силлабус***

***050709 «Башталгыч класстарда окутуу» адистиги үчүн***

***Түзгөн: Сатымкулова Ф.А.***

***1.Дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн максаты*** – педагогикалык ишмердүүлүктүн кесиптик өзгөчөлүктөрү, педагогика илими жана педагогикалык илимий изилдөөнүн методдору, окутуу жана тарбиялоо процесстери, педагогикалык технология, билим берүүнүн тарыхы жөнүндө маалыматка ээ кылуу менен бирге профессионалдык педагогикалык ишмердүүлүктүн көндүмдөрүн жана билгичтиктерин калыптандыруу..

**Дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн милдеттери**:

-студенттерде профессионалдык педагогикалык ишмердүүлүктүн өзгөчөлүгү жана манызы жөнүндө жалпы түшүнүктөрдү калыптандыруу;

-тандаган адистигинин мазмуну, өзгөчөлүктөрү жана коомдогу орду тууралуу түшүнүк алуу;

-келечектеги мугалимдин маданиятын, эрудициясын өстүрүү жана педагогикалык кесипке көздөгөн чыгармачыл, активдүү аракетин калыптандыруу.

-педагогиканын илим катары жана педагогикалык илимий изилдөө методдору жөнүндө жалпы түшүнүктөрдү калыптандыруу;

-тарбиялоо жана окутуу процесстери жөнүндө жалпы түшүнүктөрдү калыптандыруу;

-педагогиканын милдеттерин чечүүчү билим жана көндүмдөрүн калыптандыруу;

-педагогикалык технология жөнүндө жалпы түшүнүктөрдү калыптандыруу;

-студенттерди окутуу жана тарбиялоо процесстерин пландаштыруу жана педагогикалык ишмердүүлүктү жүргүзүү көндүмдөрүнө ээ кылуу.

***Курстун пререквизиттери***

Философия, Тарых, Адабият, коомдук илимдердин негизи.

***Курстун постреквизиттери:*** *Жалпы педагогика, Педагогиканын тарыхы, Педагогика илимиинин тармактары, Жекече методикалар, Педагогикалык чеберчиликтин негиздери*

***Студенттер ээ болуучу компетенциялар:***

***а) жалпы компетенциялар(ЖК):***

ЖК 1. Өзүнүн ишмердүүлүгүн уюштуруу,кесиптик маселелерди аткаруу усулдарын жана ыкмаларын аныктоо, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалоо;

ЖК 2. Стандарттык жана стандарттык эмес абалдарда чечим кабыл алуу жана маселелерди чечүү, өзүнүн жоопкерчиликтүүлүгүн жана демилгелүүлүгүн көрсөтүү.

ЖК 3.Кесиптик милдеттерин натыйжалуу аткарууга жана жеке өнүгүүсүнө зарыл болгон маалыматтарды издеп табууну, пайдаланууну жана чечмелөөнү билүү;

ЖК4.Кесиптик ишмердигинде маалыматтык-байланыш технологияларын колдонуу, компьютерде иштей алуу.

ЖК 5. Команда менен иштөө, жамаат, жетекчилер жана социалдык өнөктөштөр (коллектив) менен натыйжалуу мамилелешүү.

ЖК 6. Команда менен иштей билүү, алардын окуу ишине тапшырмаларды аткаруусуна жоопкерчиликти алуу.

ЖК 7. Озунун жеке жана кесиптик онугуусун башкару, кесиптик ишмердүүлүгүндо эмгек шарттарынын жна технологияларынын өзгөрүүсүнө адаптациялануу.

ЖК 8.Чакан коллективде уюштуруу-башкаруу ишине даяр болуу;

ЖК 9. Өзүнүн оозеки жана жазуу кебин мамлекеттик жана официалдуу тилдерде логикалык жактан туура, аргументтүү жана ачык баяндай алуу;кесиптик жана инсандык өнүгүүсүнө байланыштуу милдеттерди өз алдынча аныктоо, өз билимин өркүндөтүүнүн, квалификациясын жого

ЖК 10. Сергек жашоо образы, табиятты коргоо жана табигый байлыктарды рационалдуу пайдалануу үчүн зарыл болгон билимдерди пайдалана алуу;

***б) кесиптик ишмердүүлүктүн негизги түрлөрүнө ылайык келген кесиптик компетенцияларга:***

**Кесиптик компетенциялар (КК):**

КК 1. Сабакты пландаштыруу, анын максатын, милдеттерин аныктоо.

КК 2. Сабакты уюштуруу жана өтүү (сабактын максатын, милдеттерин аныктоо жана сабактын методдорун тандоо ж.б.), окуу процессин жана анын натыйжаларын баалоо, ага педагогикалык көзөмөл жүргүзүү.

КК 3. Окуучулардын өмүрүн жана ден соолугун сактоо, жаракат (травма) алып калуунун алдын алуу жана коопсуздук техникасын сактоо.

КК 4. Педагогикалык этиканы сактоо;

***2. Окуучулардын класстан жана мектептен тышкаркы ишмердиктерин жана баарлашуусун уюштурууга тиешелүү кесиптик компетенциялар:***

КК 5. Сабактан тышкаркы ишмердиктердин жана баарлашуунун максатын жана милдеттерин аныктоо, аларды пландаштыруу.

КК 6. Класстан жана мектептен тышкаркы иштерди уюштуруу жана өткөрүү.

КК 7. Окуучулардын сабактан тышкаркы ишмердигин, баарлашуу процессин жана анын натыйжаларын баалоо жана аларды көзөмөлдөө.

КК 8. Окуучулардын сабактан тышкаркы ишмердигин жана баарлашуусун уюштурууну камсыз кылууга тиешелүү документтер менен иштей алуу**.**

***3. Класс жетекчиликти аткарууга тиешелүү кесиптик компетенциялар:***

КК 9. Класстан тышкаркы иштердин максатын жана милдеттерин аныктоо, аларды пландаштыруу.

КК 10. Окуучулардын окуу ишмердик процессин жана анын натыйжасын талдай билүү.

КК 11. Ата-энелер менен иштөө жана класстан тышкаркы иш –чараларды жүргүзүү.

КК 12. Билим берүү уюмдарынын ишмердүүлүктөрүн координациялоо жана окутуу-тарбиялоо маселелерин чечүүдө ата-энелер менен кызматташууну ишке ашыруу;

***4. Методикалык иштерди аткарууга тиешелүү кесиптик компетенциялар:***

КК 13. Билим берүү стандартынын жана үлгү программанын негизинде окуу-методикалык материалдарды иштеп чыгуу, окуу-методикалык комплекти тандоо.

КК 14. Өз ишмердигин жана бөлөк педагогдордун ишмердигин талдоонун, кесибине байланыштуу адабияттарды үйрөнүүнүн негизинде баштапкы жана жалпы билим берүү тармагында педагогикалык тажрыйбаларды жана билим берүү технологияларын баалоо жана системага салуу, кабинетте предметтик өнүгүү чөйрөсүн түзүү;

КК 15. Билим берүү уюмунун, айрым окуучулардын курактык, топтун (класстын өзгөчөлүктөрүн эске алып жумушчу программаларды жана окуу-тематикалык пландарды түзүү.

КК 16. Отчет, реферат, доклад түрүндө педагогикалык иштелмелерди даярдоо.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**
***Дисциплинаны окутуунун натыйжасында студент:***

**Билимге ээ болуусу керек:**

- кесиптик ишмердиктин жана билим берүүнүн дөөлөттүк негиздерин;

- кесиптик ишмердиктин жана билим берүүнүн укуктук нормаларын;
- билим берүү процессининин түзүмүн жана маани-маңызын;
- көп маданияттуу жана көп этностуу коомдо жашап жаткан шарттагы педагогикалык процесстин өзгөчөлүктөрүн;
- дүйнө жүзүндө педагогикалык процесстин тарыхый өнүгүү тенденциясын, азыркы этаптагы дүйнөдөгү билим берүүнүн өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн;
- башталгыч класс окуучуларын окутуунун жана тарбиялоонун максаттарын, милдеттерин, мазмунун, принциптерин, формаларын, методдорун жана каражаттарын;
- инсандын рухий-адепттик өнүгүүсүн жана окутуунун, тарбиялоонун теорияларын жана технологияларын;
- педагогикалык баарлашуунун негизги каражаттарын жана ыкмаларын;
-педагогика илими менен практиканын өз ара байланышын жана алардын өнүгүү тенденцияларын;
- социалдык жана мектептеги дезадаптацияларды коррекциялоонун жана алдын алуунун педагогикалык шарттарын;
- норма жана чектен чыгуу түшүнүктөрүн,
- окуучуларды максатты көздөп аракеттенүүгө үйрөтүү ыкмаларын, окуу процессин жана анын натыйжаларын талдоону жана уюштурууну;
- педагогикалык баалоо ишмердигинин психологиялык-педагогикалык негиздерин, билим берүүнүн сапатын баалоонун жана көзөмөлдөөнүн каражаттарын;
- класс жетекчинин ишмердигинин негиздерин.

**аткара билүүсү (билгичтик) керек:**

- сабактын жана сабактан тышкаркы иш-чаралардын максатын жана милдеттерин баалоону;
- окутуу жана тарбиялоону уюштуруунун ар түрдүү формаларын, методдорун, ыкмаларын, методикаларын натыйжалуу колдонууну жана алардын педагогикалык мүмкүнчүлүгүн аныктоону;
- педагогикалык фактыларды жана кубулуштарды, педагогикалык ишмердикти талдоону, сабакта дидактикалык материалдарды тандап алууну жана колдонууну;
- окутуу жана тарбиялоонун ар түрдүү методдорун жана ыкмаларын колдонууну;
- кесиптик жактан өзүн-өзү өстүрүүнүн кесиптик педагогикалык маселелерди чечүүгө зарыл болгон маалыматтарды табууну, талдоону жана өз билимин өркүндөтүүнү;
- азыркы кездеги билим берүүнүн көйгөйлүү маселелерин, билим берүүнүнөнүгүү тенденциясын жана аны реформалоонун багыттарын билүүнү;
- билим берүүнүн жана тарбиялоонун концепцияларын системалуу талдай билүүнү жана тандоону;
-кесиптик маселелерди чечүүдө психологиячлык жана педагогикалык диагностикалык методдорду колдоно алууну;
- социалдаштыруу жана тарбия, окутуу процесстери жүрүүчү ар түрдүү (социалдык, маданий, улуттук ж.б.) контексттерди эске алууну;
- окуу-тарбия процесстерин долбоорлоодо азыркы жаңы технологияларды колдонууну инсандын өнүгүүсүнүн куррактык өзгөчөлүктөрүнө, жалпы жана атайын мыйзамченемдүүлүктөргө ылайыктоону;
- педагогикалык максатка багытталган жана психологиялык жактан коопсуз болгон билим берүү чөйрөсүн түзүүнү;
- педагогикалык процесстин ар кандай субьектилери менен өз ара иштеше билүүнү.

**Колдоно алуусу керек (көндүм):**

- кесиптик ишмердүүлүктө педагогикалык билимдерин, көндүмдөрүн жана билгичтиктерин колдонуу методдорун;
- китепканадан маалыматтарды таба алуунун жана текст менен иштөөнүн ыкмаларын (тезис, конспект, реферат, доклад, макала ж.б. жазууга) ;
-окуучуну инсан катары өнүктүрүүнүн (тарбиялоонун, окутуунун жана билим берүүнүн) технологияларын;
- педагогикалык чеберчиликтин элементтерин;

**2. Дисциплинанын кыскача мазмуну**

| **Практикалык сабактардын темасы** | **саа ты** | **Талкуулануучу суроолор** |
|---|---|---|
| Педагогдун кесиптик ишмердүүлүгү жана инсандык сапаты. | 2 | 1. Педагогикалык ишмердүүлүктүн маңызы.<br>2. Педагогикалык ишмердүүлуктүн структурасы.<br>3. Педагогдун жеке жана кесиптик касиеттери |
| Илимдеги мыйзам ченемдүү зарылдык түшүнүгү жана тарбиянын пайда болушу. | 2 | 1.Мыйзам ченемдүүзарылдык тарбиянын келип чыгышы жөнүндөгү теориялык көз караштар.<br>2. Тарбия илиминдеги 3 постулат тууралуу. |
| Педагогика илиминин категорялары жана өнүгүү этаптары. | 2 | 1. Педагогика илиминин предметин жана обьектиси.<br>2. Педагогиканын негизги категориялары.<br>3.Педагогика илиминин функциясын, илимдердин системасын жана башка илимдер менен байланышы.<br>4. Педагогика илиминин өнүгүү этаптары |
| Өнүгүү, тарбия жана инсандын калыптанышы.Өнүгүүнүн жекече өзгөчөлүктөрү. | 2 | 1. Жеке инсандын өнүгүү процесси<br>2. Өнүгүүнүн түрлөрү<br>3.Өнүгүүнүн бир кылка эместиги<br>4. Жаш курактарга бөлүнүшүнө таблица |
| Өнүгүүгө таасир этүүчү факторлор. | 2 | 1. Инсандын өнүгүүсүнө таасир этүүчү факторлор.<br>2. Мурасчылдык жана өнүгүү.<br>3. Айлана-чөйрөнүн өнүгүүгө таасири.<br>4. Өнүгүү жана тарбия. |
| Өзүн-өзү тарбиялоо- улуу инсандык сапат. (Акыл эмгегинин маданияты китебинин негизинде) | 2 | 1. Өзүн-өзү тарбиялоодеген эмне?<br>2. Өзүн өзү тарбиялоонун ыкмалары жана багыттары<br>3. Өзүн-өзү өстүрүүнүн формалары |
| Билим берүү системасы. Кыргызстандын билим берүү системасынын өнүгүшү | 2 | 1.Билим берүү системасына түшүнүк.<br>2.Кыргызстандын билим берүү системасынын түзүлүшү жана өнүгүшү. |

| | | |
|---|---|---|
| Билим берүүнүн мазмунун камтыган нормативдик документтер. | 2 | 1. Билим берүүнүн маңызы.Билим берүүнүн мазмунун аныктоочу документтердин мазмунун талдоо.<br>2.Мамлекеттик билим берүү стандартынын мазмунун талдоо.<br>3.Жалпы билим берүүнүн мазмунун талдоо: мектептин окуу планы, окуу программасы, окуу китептерин колдонуп, КТП түзүү. |
| Бирдиктүү педагогикалык процесс | 2 | 1.Педагогикалык процесс-система катары.<br>2. Алардын окшоштугу жана айырмасы.<br>3. Педагогикалык процесстин этаптары. |
| 8. Окутуу процесси жана окутуу теориясы. | 2 | 1. Окутуунун кыймылдаткыч күчтөрүнө практикалык мисалдар келтирүү.<br>2. Окутуунун функцияларын (билим берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк, тарбиялык) мисалдарда көрсөтүү.<br>3. Сабактын максаттарын коюу. |
| 5.Окутуу процессин уюштуруу формалары | 2 | 1. Окутууну уюштуруу формалары.<br>2.Сабактын типтери жана структуралык өзгөчөлүктөрү.<br>3. Окутууну уюштуруунун сабактан башка формалары. |
| 6. Окутуунун методдору, каражаттары жана классификациясы. | 2 | 1. Окутуунун методдору жана алардын классификациясы. 2.Окутуунун методдоруна мүнөздөмө (И.Ф.Харламовдун варианты боюнча )<br>3. Окутуунун каражаттары. |
| 7. Инсанга багыттап окутуу. | 2 | 1. Сабактын темасы боюнча негизги түшүнүктөрүн жана категорияларын аныктоо. 2.Инсанга багытталган окутуудагы тарбия, билим берүү чөйрөсүнө, инсандык өз ара мамилеге аныктама берүү. 3.Ар түрдүү кырдаалдарда инсанга багытталган жана традициялык билим берүүнү салыштыруу.<br>4. СМАРТ критерийлери менен иштөө.Блум таксономиясы. |
| Үй-бүлө тарбиясы. | 2 | 1. Мектеп менен үй бүлөнүн байланышы.<br>2.,Уй бүлөдөгү тарбиянын стилдери.<br>3. Үй бүлөнүн функциялары жана классификациясы. |
| Башталгыч класстардын предметтик стандарттарын жана окуу китептерин талдоо | 2 | 1.Башталгыч класстардын окуу китептеринин түзүлүшүн анализдөө. 2. Окуу китептериндеги негизги темалар, тапшырмалардын түрлөрү. |

| | | |
|---|---|---|
| Окутуунун принциптери | 2 | 1. Кырдаалдар боюнча окутуунун принциптерин аныктоо.<br>2. Окутуунун принциптеринин талаптарына мисалдар келтирүү.(кичи тайпаларда иштөө). |
| **1-модуль** | **32** | |
| Сабактын формалары. Стандарттык эмес сабактар. | 2 | 1. Сабактын формалары.<br>2. Стандарттык эмес сабактын түрлөрүн өткөрүү.<br>3.Азыркы сабакка коюлуучу талаптар.<br>4. Сабактын план-конспектисин түзүү. |
| Окутуунун методдору. | 2 | 1.Окутуунун усулдарына мүнүздөмө берүү. 2. Кырдаалга карата окутуу усулун тандоо.<br>3. Ар бир предмет боюнча тигил же бул теманы окуп-үйрөнүүдө эффективдүү усулдарды тандоо.<br>4.Өз тандоолорун негиздөө.Практикада колдонуу. |
| Дидактика.Окутуу процессине түшүнүк. | 4 | 1.Дидактиканын пайда болушу.<br>2. Окутуунун максаты |
| Текшерүүнүн түрлөрү жана максаты. | 2 | 1. Текшерүүнун максаты жана түрлөрү.<br>3. Учурдагы текшерүү формаларын колдонуу жолдору. |
| Баалоонун түрлөрү. критерийлери.Учурдагы баалоо формалары. | 2 | 1. Баалоо, баа берүү, баа коюу түшүнүктөрүн аныктоо.<br>2.Баалоо критерийлерин талдоо.<br>3. Учурдагы баалоо формаларын колдонуу жолдору. |
| Окутуунун жаны технологиялары. | 2 | 1.Окутуунун интерактивдүү усулдары.<br>2. Интерактивдүү усулдар менен өткөрүлө турган сабактын структурасы. |
| Окутуунун интерактивдүү усулдарын сабакта колдонуу ыкмалары. | 4 | 1. Аналитикалык жалпылоо<br>2. Ассоциативдүү жазуу.<br>3. Аргументтештирүү.<br>4.Соболдоштуруу.<br>5. Авторго суроолор.<br>6. Суроо-көпүрө.<br>7.Суроолордун түрлөрү.ж.б. |
| 1-кластагы сабат ачуу сабактарын уюштуруу. | 2 | 1. Сабат ачуу сабактарынын планын түзүү<br>2. Сабактардын планын талдоо<br>2. Сабактарды уюштуруу жана өткөрүү |

| | | |
|---|---|---|
| Адабий окуу сабактарында түшүнүп окуу иштерин алып баруу | 2 | 1. Башталгыч класстарда адабий чыгармалардын берилишин жана окутуу жолдорун талдоо<br>2. Адабий чыгармаларды окутуу боюнча сабактардын планын талдоо<br>3. Сабактарды пландаштыруу жана өткөрүү |
| Сабакка коюлуучу талаптар. | 2 | 1. Азыркы сабакка коюлуучу талаптар<br>2. Сабактын максатын коюу.<br>3. Сабактын структурасын иштеп чыгуу. |
| Жамаат түшүнүгү жана мектептеги окуучулар жамаатын калыптандыруу | 2 | 1.Жамаат жана анын белгилери жөнүндө.<br>2. А.С.Макаренконун жамаат жөнүндөгү теориясы.<br>3.Мектептеги окуучулар жамаатынын өнүгүү баскычтары. |
| Тарбиянын максаты жана принциптери. | 2 | 1. Тарбия ыкмаларын талдоо. 2.Тарбиянын максатын жана маселелерин аныктоо. 3. Тарбиялоо процессинин принциптерин, түшүнүктөрүн анализдөө. |
| Тарбиялоонун багыттары. | 2 | 1. Тарбиялоонун түрлөрүн аныктоо.<br>2. Мектепте тарбиялоо системасы.<br>3.Мектепте тарбиялоо ишин пландаштыруу.<br>4.Тарбиялоонун багтытарына мүнөздөмө, алардын классификациясы.<br>5.Тарбиялоонун каражаттары. |
| Тарбиялоонун методдору жана каражаттары. | 2 | 1. Берилген кырдаал боюнча колдонулган методдордун артыкчылыгы жана кемчилигин аныктоо.<br>2. Тарбиялоо усулдарын классификациялоо таблицасын түзүү.<br>3.Тарбиялоо усулдарына практикалык мисалдар. |
| Класс жетекчисинин тарбиялык иштери. | 2 | 1. Класста тарбиялоо боюнча ар түрдүү иш чараларды өткөрүүнү пландаштыруу.<br>2. Сабактан тышкаркы убакта тарбиялоо ишинин формасын аныктоо.<br>3.Тарбиялоо формаларын колдонуу. Класс жетекчисинин иш планын анализдөө. башталгыч класстардын 1-чейрегине карата тарбиялык иш план түзүү.<br>4.Класс жетекчисинин ишинин негизги багыттары, функцияларын аныктоо. |
| **2-модуль** | **32** | |
| **Баары** | **64** | |

2.1. Окуу планынын негизинде курстун көлөмү жана иштин түрлөрү.

| № | Аткарылуучу иштин түрлөрү | Бардык сааты | III семестр | IV семестр |
|---|---|---|---|---|
| | Жалпы | 300 | 176 | 124 |
| 1 | Аудиториялык<br>Лекциялык<br>Практикалык | 160<br>-<br>160 | 96<br>-<br>96 | 64<br>-<br>64 |
| **2** | Студенттин өз алдынча иштери | 140 | 80 | 60 |

2.2. Курстун бөлүмдөр боюнча сааттык бөлүштүрүлүшү. (күндүзгү бөлүм боюнча).

| № | Бөлүмдүн аттары | Бардык сааты | Аудит. саат | Лекц саат | Практик. саат | өз алдынча иштер |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Педагогикалык кесипке киришүү | 24 | 14 | | 14 | 10 |
| 2 | Педагогиканын негиздери | 72 | 36 | | 36 | 32 |
| 3 | Дидактика | 120 | 64 | | 64 | 60 |
| 4 | Тарбия теориясы | 66 | 36 | | 36 | 30 |
| 5 | Мектеп таануу | 18 | 10 | | 10 | 8 |
| | Жалпы сааты | 300 | 160 | | 160 | 140 |

2.3. Дисциплинанын тематикалык планы

**3. Педагогика предметинен өз алдынча иштерди жүргүзүүнүн темалары**
**1- модуль 3-семестр**

| № | Өз алдынча иштердин тапшырмалары | Сааты | Текшерүүнүн түрү |
|---|---|---|---|
| 1 | «Мен сүйгөн кесип», «Менин биринчи мугалимим» деген темада эссе жазуу | 6 | Эссе |
| 2 | Мугалим-педагогикалык ишмердүүлүктүн субьектиси катары.Улуу педагогдор жана алардын эмгектери. | 6 | Кластер түзүү |
| 3 | Өзүн- өзү тарбиялоонун личносттун калыптанышындагы ролу | 6 | Конспект |
| 4 | Айлана-чөйрөнүн личносттун өнүгүшүндөгү таасири | 6 | Адабияттан мисал келтирүү |
| 5 | Педагогикалык маалыматтардын булактары | 6 | Таблица түзүү |
| 6 | Башталгыч класстардын окуу китептерине талдоо жүргүзүү | 8 | Анализдөө,реферат. |
| 7 | Дидактикалык концециялар.  Азыркы | 6 | Венндин |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | дидактикалык концепцияларды анализдөө | | диаграмммасы |
| 8 | Предмет боюнча КТП жазуу (башталгыч класска бир предмет боюнча) | 6 | План |
| 9 | Традициялык жана жеке инсанга багыттап окутуу технологиялары, айырмачылыктары. | 6 | Эки бөлүктүү күндөлүк |
| 10 | Окутуу формаларынын тарыхый өнүгүшү | 6 | конспект |
| | | 60 | |

**2- модуль**

| № | Өз алдынча иштердин тапшырмалары | Сааты | Текшерүүнүн түрү |
|---|---|---|---|
| 1 | Окутуунун интерактивдүү методдору. Педагогикалык чыгармачылык. | 6 | Интернеттен маалымат жыйноо |
| 2 | Баалоонун түрлөрү. Калыптандыруучу баалоону жүргүзүүнүн мисалдары. | 5 | Мисал келтирүү |
| 3 | Педагогикалык чыгармачылык. Жаңычыл мугалимдердин тажрыйбасы. | 6 | Сабактын планы, конспект |
| 4 | Стандарттык сабактын типтеринин өзгөчөлүктөрү. | 5 | Венндин диаграммасы |
| 5 | Окутуунун каражаттарына коюлуучу талаптар | 5 | Кластер түзүү |
| 6 | Сабактын мазмуну жана сабактын максатын коюу | 5 | План түзүү |
| 7 | Текшерүүнүн түрлөрү, кайтарым байланышка мисалдар | 5 | Мисал келтирүү |
| 8 | Макаренконун жамаат жөнүндө теориясы | 5 | конспект |
| 9 | Тарбиялык иш чараларды пландаштыруу | 6 | Тарбиялык саатка план түзүү (каалаган темада) |
| 10 | Мектептеги жылдык тарбиялык иш план | 6 | Тарбиялык журналды толтуруу |
| 11 | Класс жетекчинин иш кагаздары | 5 | үлгүлөрдү толтуруу |
| 12 | Балдарды тарбиялоодо үй бүлөнүн ролу | 5 | Кластер түзүү |
| | Жалпы | 64 | |

**4. Окуп-үйрөнүүдө колдонулуучу усулдар:**

Сабактын фрагменттерин пландаштыруу, кластер, синквейн, Венндин диаграммасы, кош жылдыз жана каалоо, дискауссия, кроссворд түзүү, таблица түзуу, эки бөлүктүү күндөлүк, манжалар, РАФТ стратегиясы, ПОПС, ПСМТ стратегиялары ж.б.

5. **Техникалык жактан камсыздоо.**
   Сабактар башталгыч класстарды окутуу методикасы каанасында, проекторду колдонуу менен өтүлөт.

6. **Курстун саясаты.**
   *Студенттерге коюлган талаптар:*

-сунуш кылынган адабияттарды китепканадан, интернет булактарынан таап пайдалануу;
- сабактан кечикпөө, ар бир сабакка активдүү катышуу;
- практикалык сабактар өтүлгөндөн кийин берилген схема, таблица боюнча анализдерди жазуу;
- өз алдынча тапшырмаларды график боюнча тапшыруу;
- себептүү жана себепсиз калтырган сабактары боюнча темаларды окуп тапшыруу;
- сабак учурунда мобилдик телефонду мугалимдин уруксатысыз пайдаланбоо;

**7. Колдонулган адабияттар:**

**Негизги адабияттар:**


1. Э.Мамбетакунов, Т.Сияев "Педагогиканын негиздери" Б-2008.
2. Б.Апыш "Педагогика" Б-2011.
3. И.П.Подласый. "Педагогика" М.Владос 2001.
4. В.А.Сластенин, и др. "Педагогика" М. 2013 ж.

**Кошумча адабияттар.**

1.М.Колдошев.Педагогика.Ош-2008.
2. А.Исаев. Педагогика.Ош-2017.
**3.** М.Р.Рахимова "Педагогиканын теориялары, системалары жана технологиялары" Б.2003.
4. Б.И.Батурина "Введение в педагогическую профессию" М.1998 7-22-беттер.
5. С.И.Гессель "Основы педагогики" М.1995.
6. Г.К. Селевко "Современные образовательные технологии" М.1998.
7.Льеонтев "Педагогическое общение"М.1996.
8. Вульфсон "Сравнительная педагогика" М.1996.
9. А.Н.Джуринский "Педагогика" М.1998.
10. С.А.Смирнова "Педагогика, педагогические теории, системы и технологии"
11.Шиянов "Педагогика" М.2000.
12.Подласый "Педагогика" М.2003 31-37-беттер.

Электрондук ресурстар:

1. Электронная библиотека открытых учебных материалов Кыргызстана Lip. kg
2. Сайт Министерства образования Кыргызской Республики
3. Педагогика [Электронные учебные материалы] /Сост. Е.М.Подгорных, Т.П.Днепрова, Л.В.Быкова. Екатеринбург: УрГП, 2006.
-CD-Rom.


**8. Студенттердин билимин баалоо**.

*Жазуу жүзүндөгү тапшырмаларга коюлуучу баалоо критерийлери:*

-тапшырманы аткаруунун логикалуулугу;
- жазуу, баяндоо стили;
- колдонгон ыкманын тууралыгы;
- жеке көз караш менен баяндалышы, аныктаманын тактыгы, талдай алуусу;
- оюн туура, эркин, ирettүү баяндоосу;
- биринчи булактан алаган билими;
-кошумча материалдан пайдалануусу;
-аткарган ишинин саны;

**Модулдук системада баалоо:**

| № | Текшерүүнүн этаптары | Текшерүү каражатынын түрлөрү | баллы | Мөөнөтү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Аралык текшерүү (модулдарды тапшыруу) | тест | 0-60 | График боюнча |
| 2 | Студенттин өз алдынча иштери | тест. | 20 | Модуль ичинде |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3 | Жыйынтыктоочу текшерүү (экзамен) | тест | 20 | Экзамендин расписаниеси боюнча |
| | жалпы | | 100 | |

**Билимди баалоо шкаласы**

| баллы | Төрт баллдык баалоо системасында |
|---|---|
| 85-100 | “5”- эң жакшы |
| 75-84 | “4”- жакшы |
| 60-74 | “3”- канааттандырарлык |
| 0-59 | “2”-канааттандырарлык эмес |

**Экзамендин тест суроолору**

1.Педагогика-эмне жөнүндөгү илим?
2. Педагогика тарбиянын өнүгүүсүн кандай зарылдыктан келип чыккан деп аныктайт?
3. Педагогикалык илимдердин системасы эмнелерди камтыйт?
4. Жалпы педагогиканын милдеттери.
5. Педагогикалык изилдөө-бул кандай усул?
6. Тарбиялоого аныктама.
7. Угуусу бузулган балдарды окутуу тарбиялоону изилдөөчү педагогиканын тармагы эмне деп аталат?
8. Билим берүү стандарты деген эмне?
9. Тарбиянын субъективдүү факторлору кайсы?
10. Жеке инсандын өнүгүү факторлору кайсылар?
11 Ата-энелеринен балдарына өтүүчү сапаттар кайсылар?
12. Педагогдун жеке инсандыгына коюлуучу талаптар.
13.«Дидактика» деген эмне?
14. Илимге «дидактика» терминин ким киргизген?
15. Кайсынысы дидактиканын негизги милдеттерине кирбейт?
16. Дидактика окутууну эки жактуу процесс деп карайт.Алар кайсылар?
17. Билим берүү системасы эмнелерди камтыйт?
18. Россияда биринчи жолу окутуунун принциптерин тактаган ким?
19. ББК деген кандай чечмеленет?
20. Окутуунун категориялары.
21. Окутуунун каражаттары.
22. Сабактын формалары кайсылар?
23. Билим берүү мекемелерин атагыла.
24. Орто мектепте окутууну уюштуруунун негизги формасы эмне?
25. Окутуу жана окуу процесстери кандай болуш керек?
26. Грек тилинен которгондо «педагогика» эмнени түшүндүрөт?
27. Педагогикалык илимдин милдеттери.
28. Педагогиканын объектиси болуп кайсы эсептелет?
29. Анкета алуу — бул кандай усул?
30. Коомдук тажрыйбаларды берүү зарылчылыгы качан келип чыккан?
31. Тарбиянын принциптери.
32. Педагогикалык процесстин бирдиктүүлүгү деген эмне?

33. Сүйлөө речинде кемчилиги бар балдарды окутуу, тарбиялоо жөнүндөгү педагогиканын тармагы кандай аталат?
34. Өнүгүүгө аныктама.
35. Окутуу процессинде кайсы ишмердүүлүк ишке ашырылат?
36. Жеке инсан түшүнүгү эмнени түшүндүрөт?
37. Педагогдун ишмердүүлүк объектиси болуп эмне саналат?
38. Тарбиянын багыттары кайсылар?

39. Педагогиканын маанилүү бөлүмүнүн бири болгон дидактика эмнени үйрөтөт?

40. Кайсы окумуштуунун эмгеги дидактиканын негиздерин ачууда фундаменталдуу эмгек болуп саналат?

41. Билим, ык, машыгууларды өздөштүрүү максатындагы мугалим менен окуучунун иш аракети эмне деп аталат?

42. Окутуунун принциптери кайсылар?
43. Окутууну мугалим менен окуучунун биргелешкен чыгармачылыгы деп караган ким?
44. Окутуунун функциялары кандай?
45. Билим берүүгө аныктама.
46.Окутуунун методдору деген эмне?
47. Жаңы маалыматтык каражаттарга эмнелер кирет?
48. Педагогиканын негизги категориялары кайсылар?
49.Орто билим берүү мекемелерине кайсылар кирет?
50. Билим берүү системасында окутуунун формалары кандай?
51. Окутууну уюштуруунун негизги формасы кайсы?
52. Сабактын формалары кайсы?
53. Сабактын типтери кайсылар?
54. Аралаш сабактын структурасы кандай?
55. Алдын ала, күндөлүк, мезгилдүү, тематикалык, жыйынтыктоочу. Булар эмнелер?
56. Билим берүүнүн мазмунун аныктоо, бул кайсы суроого жооп берүү болот?
57. Гумандуу педагогикага түшүнүк.
58. Окуу программасы деген эмне?
59. Идеалдуу педагог бул-ким?
60.Окуу-тарбия процессин оптимизациялоо деген эмне?
61. Окутууда объективдүү чындыктагы фактыларды табиятта болгонундай кылып түшүндүрүү кайсы принципке негизделген?
62. Тарбиялоо процесси даярдоого тийиш болгон адамдын социалдык ролдору.
63. Тарбиялоодогу жеке инсанга багытталгандык эмнени талап кылат?
64. Адеп-ахлак тарбиясы деген эмне?
65. Дене тарбиясынын максаты — эмне?
66. Мектеп окуучулардын дүйнөгө кандай көз карашын калыптандырат?
67. Жазалоо — бул кандай усул?
68. Класс жетекчи болуп дайындалдыңыз. Ишти эмнеден баштайсыз?
69. Өзүн-өзү тарбиялоо деген эмне?
70. Өзүн-өзү тарбиялоого карата керектөөнүн интенсивдүү көрүнүшү кайсы куракта көп байкалат?
71. Ата-энелеринен балдарына өтпөгөн сапаттар.
72. Текшерүү усулдары.
73. Өнүктүрүүчү окутуу принцибин ким алгач сунуш кылган?
74. Билим берүү деп эмнени айтабыз?
75. Окутуу деген эмне?
76. Дидактиканын категориясы болуп эсептелет:
77. Билгичтик деген эмне?
78. Окутуунун 2 жактуулугу, булардын байланышы кандай?
79. Окутуунун принцибине туура келбеген түшүнүк.
80. Педагогдун кайсы функциясы башкы деп эсептелет?
81. Мугалимге ким объективдүүрөөк баа берет?

82. Окуу планы деген эмне?
83. Окутуу процессинин кыймылдаткыч күчтөрү
84. Педагогикалык процесстин этаптары.
85. Үй -бүлөнүн тарбиялык таасиринин төмөндөшүнүн себептери кайсылар?
86. Гумандаштыруу принциби эмнени мүнөздөйт?
87. Экологиялык тарбиянын максаты
88. Эстетикалык тарбиянын максаты
89. Тарбиялоо усулдары деп эмнени айтабыз?
90. Мактоо — кандай усул?
91. Кайра тарбиялоо деген эмне?
92. Өз билимин жогорулатуу деген эмне?
93. Өзүн өзү тарбиялоонун усулдары.
94. Тарбиялоонун методдорун көрсөткүлө.
95.”Балдарга жаным садага”(Сердце отдаю детям) педагогикалык эмгегинин автору ким?
96. Баалоонун түрлөрү кайсы?
97. Билим берүүнүн төмөнкү түрлөрү.
98. Этнопедагогика” терминин ким биринчи колдонгон?
99. Ж.Баласагындын “Кут алчу билим “ деген китеби канчанчы кылымга таандык?
100. ЮНЕСКО кандай уюм?
101. Окутуудагы тарбиялоо идеясы кимге таандык?
102. Дидактиканын алтын эреже принцибин ким негиздеген?